И.Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университетине жана Ош мамлекеттик университетине караштуу география илимдери боюнча Д 25.24.698 диссертациялык кеңештин эксперттик курамынын 25.00.24 – экономикалык, социалдык, саясий жана рекреациялык география адистиги боюнча география илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган Даовлатова Феруза Муктаровнанын **“Кыргызстандын түштүк аймагындагы жер-суу аталыштарынын таркалышы жана келип чыгышы”** деген темадагы кандидаттык диссертациясынын негизги материалдарын экспертизадан өткөрүү боюнча

**АКТЫ**

И.Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университетине жана Ош мамлекеттик университетине караштуу география илимдеринин кандидаты боюнча түзүлгөн Д 5.24.698 диссертациялык кеңештин эксперттик курамынын тобу:

1. г.и. д., профессор Ю.И. Ахмадалиев
2. г.и. д., доцент М.М.Дылдаев
3. э. и. д., профессор Т.Ч. Култаев

Изденүүчү Даовлатова Феруза Муктаровнанын 25.00.24 – экономикалык, социалдык, саясий жана рекреациялык география адистиги боюнча география илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган **“Кыргызстандын түштүк аймагындагы жер-суу аталыштарынын таркалышы жана келип чыгышы”** деген темадагы кандидаттык диссертациясынын негизги материалдарын экспертизадан өткөрүштү.

Комиссияга төмөнкү материалдар көрсөтүлдү:

1. Кандидаттык диссертацияда киришүү, адабияттарга обзор, изилдөөнүн методологиясы жана l, ll ,lll баптар жеке изилдөөнүн натыйжалары, корутунду, колдонулган адабияттардын тизмеси жана тиркеме.
2. Диссертациянын авторефераты орус жана кыргыз тилинде.
3. Колдонулган адабияттардын тизмесинде (жалпы саны 108) Ата мекендик жана чет өлкөлүк окумуштуулардын илимий эмгектери.
4. Диссертициянын темасы боюнча КР дын Президентине караштуу ЖАКтын тизмесине кирген журналдарда, алардын ичинен 13 макала РИНЦте, 2 макала – Scopus басылмаларында жарыяланган жана 1 окуу методикалык колдонмодо чыгарылган. Аталган эмгектердин көчүрмөсү (титулдук баракча, мазмуну, текст, чыгарылгандыгы боюнча маалыматтар) чыгарылып, ар бир барагына Баткен мамлекеттик университетинин окумуштуу катчысынын колу коюлган.

5. Ф.М. Даовлатова Ош мамлекеттик педагогикалык университети тарабынан уюштурулган «Окуучу жаштарды руханий-адеп-ахлактык – өнүктүрүү жана дене бой жактан тарбиялоонун актуалдуу маселелери» деген аталыштагы Эл аралык илимий – практикалык конференцияга (Ош, апрель 2021); Профессор К.М. Төрөгелдиеванын 70 жылдык юбилейине жана «Санариптештирүү шартында табигый-математикалык илимдерди окутуу технологияларынын маселелери жана келечеги» аттуу Эл аралык илимий -практикалык конференцияларга баяндамалары менен (Бишкек, 2022) катышкан.

Илимий-изилдөө жыйынтыктарын өндүрүшкө киргизүү актысы (БатМУ, Баткен облустук мамлекеттик администрациясы, Кыргыз Республикасынын министрлер кабинетине караштуу жер ресурстары, кадастр, геодезия жана картография боюнча мамлекеттик агенттик ) тарабынан алынган.

**Текшерүүнүн жыйынтыгында төмөнкүлөр аныкталды:**

1.Кыргызстандын түштүк аймактагы топонимдердин кылымдар бою узак убакыттын ичинде ар түрдүү жолдор менен түзүлүп, кыргыз, орус, өзбек, таджик ж.б. тилдерден кирип, бүгүнкү күнгө чейин сакталып келген жер-суу аталыштарынын келип чыгуусуна этимологиялык изилдөөлөр жүргүзүлдү; 2.Белгилүү бир аймакта географиялык аталыштардын калыптанышына социалдык-экономикалык (калктын курамы, тили, кесиби, чарбанын түрү жана деңгээл ж.б.) жана физикалык-географиялык (рельеф, топурак, суу, флора жана фауна ж.б.) факторлордун таасирлери изилдөөгө алынган; 3.Аймактык топонимикалык изилдөөдө жер-суу аттарын классификациялоонун практикалык зор мааниси бар экенин эске алып, аймактын географиялык объектилерин атоо боюнча классификациялоо жүргүзүлдү;

4. Аймактын топонимикасын изилдөө процессинде 300гө жакын ойконим, 60тан ашык ороним, 80ден ашык гидронимдер, 50дөн ашык зоо- жана фитонимдер талдоого алынган;

5.Антропотопонимдер изилдөөгө алынып, антропотопонимдерди коюу маселелерине сунуштар берилген;

6.Топонимикалык сөздүк түзүлгөн;

7. ГИС пайдалануу менен аймактык топонимдерге карталар түшүрүлгөн; Диссертант тарабынан алынган жыйынтыктарга анализ жүргүзүлгөн. Документтер туура, ирээти менен коюлган. Диссертацияда келтирилген изилдөөнүн натыйжалары аткарылган изилдөөнүн көлөмүнө толугу менен шайкеш келет.

# КОРУТУНДУ

Жүргүзүлгөн текшерүүнүн натыйжасында комиссия Даовлатова Феруза Муктаровнанын "Кыргызстандын түштүк аймагындагы жер-суу аталыштарынын таркалышы жана келип чыгышы" деген темадагы кандидаттык диссертациялык иши боюнча алгачкы документациялык фактылык далилдерге ылайык туура түзүлгөн деп жыйынтыктайт.

Бардык изилдөөлөр белгиленген тартипте катталган. Аткарылган изилдөөлөрдүн аныктыгы аткарылган иштин көлөмүн толук чагылдырган алгачкы документтерди каттоонун тууралыгы менен ырасталат.

Текшерүүнүн жыйынтыгында комиссия Даовлатова Феруза Муктаровнанын диссертациялык ишине негиз болгон алгачкы материалдардын аныктыгын жана автордун жеке салымын тастыктайт.

**Эксперттик комиссиянын курамы:**

1. г.и. д., профессор Ю.И. Ахмадалиев
2. г.и. д., доцент М.М. Дылдаев
3. э. и. д., профессор Т.Ч. Култаев

*Диссертациялык кеңештин эксперттик топтун мүчөлөрүнүн колун тастыктаймын:*

*Д 25.24.698 диссертациялык кеңештин окумуштуу катчысы* *г.и.к. доц. Д.Т. Солпуева*

28.02.2025-ж.